

# Карачева Өмүргүл Сулаймановнанын иш тажрыйбасынан

**Карачева Өмүргүл Сулаймановна жөнүндө маалымат.**

**Педагогикалык кредосу:**

" Мугалимдин ийгилиги – окуучусунун турмуштан татыктуу орун алышы".

" Тарых инсанды жаратпайт – Инсан тарыхты жаратат".

**Педагогикалык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы.**

**Максаты (мамлекеттик стандарт боюнча)**

1. **Тарбиялык**: Мекенчилдик, мекенибиздин тарыхын жана элибиздин каада-салттарын, адам укуктарын жана эркиндигин коомдук турмуштун демократиялык принциптерин сыйлоого;
2. **Өздөштүрүү**: Кыргызстандын жана дүйнөүк тарыхтагы негизги окуяларды жана процесстерди, алардын байланыштарын жана хронологиялык улантуучулугу;
3. **Ээ болуу**: тарых таануунун элементардык методдоруна, ар түрдүү тарыхый маалымат булактары менен иштей алуу жөндөмүнө;
4. **Калыптануу**: тарыхый доорлордо аралашкан маданий, диний, этностук, улуттук каада-салттар менен таанышууда алардын баалуулуктарын калыптандыруу;
5. **Колдонуу:** тарыхтагы түзүлгөн система, социалдык нормалар жөнүндө түшүнүк алуу менен көп маданияттуу, көп конфессианалдык, этникалык көптүк коомдо маданияттар аралык байланыш түзүү, башка өлкөлөргө, элдерге карата толеранттуу мамиле жасоо.

**1. Эмгек ишмердүүлүгү:**

1974 – жылдан бери Балыкчы шаарындагы № 4 гимназия мектебинде тарых жана жаран таануу мугалими болуп иштеп келе жатат.

1975-1976-жж. улуу пионер вожатый, республикалык слеттун катышуучусу;

1978-1980-жж эки жолу шайланган шаардык Кеңештин депутаты;

1986-1991-жж. мектептин парт. Уюмунун катчысы;

1988-1989-1991-жж. "Чыгармачылык менен иштеген мугалимдердин республикалык слетунун" катышуучусу;

1995-ж. бери мектепте профсоюз уюмунун жетектекчиси;

1995 –ж. шаардык мектептердеги тарых мугалимдеринин методикалык бирикмесинин жетекчиси;

1991-ж. мектеп "Сорос Кыргызстан" пилоттук мектеп болгондон баштап анын "Жаран таануу" программасынын проектиси менен иштеп "Лидер" клубун түзүп, мектеп парламентин түзгөн;

1995-ж. "Кыргыз элинин этнографиясы" , "Саясат таануу", "Көл өрөөнүнүн инсандары", "Жергебиздин тарыхы" автордук программалары түзүлгөн;

1996-ж. мектепте жогорку класстын окуучуларынын таланттууларынан “Мурас” илимий тобу түзүлгөн;

1998-ж. мектепте тарыхый-этнографиялык музейди түзгөн;

2004-ж. Билим берүү министирлиги тарабынан окуу китептерди жазуу боюнча кароо-сынакка “Адеп” сабагы боюнча 8-класстар үчүн “Адам таануу” китепчеси менен катышкан;

2008-ж. “ Айылдык билим берүү” проектисине катышып “Мугалим мастер” квалификациясынын сертификатынын ээси;

2009-ж. Шаардагы “Калкка билим берүү жана өнүктүрүү борборунун” “Тарых жана өзүн-өзү таануу” проектиси менен иштеген;

2011-ж. Кыргыз билим берүү академиясынын 60 жылдыгына карата уюшулган республикалык педагогикалык окуусуна катышкан;

2015-ж., 2016-ж. Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан өткөрүлгөн түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин, окумуштуу педагогдордун эл аралык илимий-практикалык конференцияларынын катышуучусу;

2015-ж. КББАнын социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясы тарабынан уюштурулган КР жалпы билим берүүчү уюмдардын (мектеп, гимназия,лицей) жаш тарыхчылар ийриминин арасында “СССРдеги саясий репрессиялардын жана эрксиздикке каршылык көрсөтүүнүн тарыхы” темасы боюнча “Эл уулдары унутулбайт!” проектисине катышкан;

2015-ж., 2016-ж. Кыргыз Билим берүү жана илим Министирлиги жана РДЮЦЭКТ тарабынан уюшулган Улуу Жеңиштин 70 жылдыгына, Бүткүл дүйнөлүк II көчмөндөр оюунун алкагында өткөрүлгөн мектеп музейлеринин иштери боюнча республикалык сынактардын катышуучусу;

2015-ж. шаардагы ардагер чыгармачыл апалардын составынан “Айым эне” фольклордук-этнографиялык топту жана “Айым эне” коомдук фондусун түздү (2016-ж.).

2015-жылы **облустук билим берүү институтунун гуманитардык лабораториясы тарабынан иш тажрыйбасы облустук мектептерге жайылтылып, 2019-жылы олустук масштапта бенефиси өткөрүлүп “Мугалимдин ийгилиги – окуучусунун турмуштан татыктуу орун алышы”** аттуу китебинин бет ачаары болгон.

2019 – жылдан бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз билим берүү академиясынын Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясы менен тыгыз байланышта болуп, 5-11-класстар үчүн “Адам жана коом” предмети боюнча электрондук китептин видео-сабактарын даярдап жиберүүдө.

Пандемия мезгилинде онлайн сабактарга карата 5-11-класстар үчүн “Адам жана коом”, 5-7-класстар үчүн тарых сабактары боюнча 70тен ашык видео сабактарды даярдап ютуб каналына сайт түзүп жүктөгөн. Ал видео сабактарды республиканын ар кайсы аймактарындагы тарых мугалимдери пайдаланып ыраазычылыктарын айтып келишет.

**“Кыргыз элинин этнографиясы“**
**(гуманитардык багыттагы лицей, гимназиялар жана этнографиялык ийримдер үчүн 68 саатка ылайыкташкан автордук программа)**

**Кириш сөз.**

Тарыхы болбой, эл болбойт демекчи, өз тарыхын билбеген элдин келечеги да болбойт. Кыргыз элинин тарыхына окуучуларды кызыктыруу максатында класстан тышкаркы кружокторду өткөрүү талапка ылайык. Таржымалы миңдеген жылдардан бери созулуп келаткан кыргыздардын дүйнөгө, жаратылышка, айлана-чөйрөгө болгон көз караштары, баамдоолору, кандайча өөрчүп-өнүгүп, калыптангандыгы кимди болбосун кызыктырбай койбойт. Ошол көп кырдуу мурастардын көбүн келечек муундарга тартуулоо менен окуучуларды өз элин, Ата журтун сүйүүгө, аздектөөгө тарбиялоо түзулгөн программанын негизги максаты.

Программа төмөндөгү бөлүктөрдөн турат:

1. Кыргыз элинин этникалык түзүлүшу;
2. Кыргыздардын кол өнорчүлүгу;
3. Улуттук оюндар;
4. Кыргыздын музыкалык аспаптары жана музыкалык өнөрү;
5. Улуттук тамак – ашы;
6. Каада – салттары жана ырым – жырымдары;
7. Уруулардын келип чыгышы;
8. Балыкчы шаарынын тарыхы.

Программаны окуучуларга жеткиликтүу түшундүрүп, аны өзүнүн күнумдүк турмушунда пайдаланып андан ары укумдан – тукумга өткөруу учүн илимий топторго бөлүп, практикалык түрдө реферат аркылуу изилдөө ишин жургузуу менен, класстарга тарбия сааттарын өткөрүү аркылуу эстерине түбөлүк сактап калуу максатка ылайык. Илимий топ “ Мурас” деп аталат жана жургузгөн иштери боюнча жылдын аягында илимий практикалык конференция өтүү менен жергебиздеги атактуу атуулдарды чакырып, алардын катышуусунда тандап алган илимий иштерин толуктоо талапка ылайык.

**“Мурас “** илимий тобун төрт топко бөлсө болот:

**“Каада-салт”** тобунун мүчөлөрү кыргыз элинин каада-салттарын, үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын, элдик мурастарын окуп-үйрөнүү жана фольклордук-этнографиялык материалдарды чогултат жана изилдөө иштерин жүргүзөт;

**“Санжыра“** тобундагылар Түрк элдеринин, кыргыз элинин калыптануу, өнүгүү тарыхын, уруу жана урук жөнүндөгү түшүнүктөрдү, санжыралар жана санжырадагы

маданий-экономикалык, тарыхый-географиялык маалыматтарды окуп үйрөнүп, чогултуп изилдеп чыгышат;

**“Туулган жер“** тобу киндик кан тамган жердин тарыхын, жер аттарын ага байланыштуу уламыштарды изилдеп, материалдарды чогултуу менен туулган жерин сүйүүгө, аздектөөгө, аны коргоого багыт алат;

**“Тарых жана инсан“** тобундагылар кыргыз элиндеги олуя-ойчул, көрөгөч-акылман акелердин, хандардын, баатырлардын, жергебиздеги согуш жана эмгек ардагерлеринин өмүрлөрүн, тарыхый окуяларын, мурастарын чогултуп изилдөө иштерин жүргүзүү.

Топтун мучөлөрү жыл башында өз калоолору менен топтун мүчөлүгүнө кабыл алынат жана жыл бою “ Кыргыз элинин этнографиясы “ атайы курсуна катышып, сунуш кылынган тематикалар боюнча каалаган темаларды алып, жыл бою изилдөө иштерин жүргүзүшүп рефераттарды жазышат жана тематикалары боюнча төмөнкү класстын окуучуларына сабактарды өтүшүп, жыл аягында илимий-практикалык конференцияда илимий иштрин жакташат. Андан тышкары ар кандай кароо – сынактарга, шаардык, облустук, республикалык иш-чараларга катышып, жергебиздеги тарыхый-этнографиялык эстеликтерге, тарых музейлерине барышат, жоолугушууларды өткөрүшөт, мектептеги тарых музейине материалдарды топтошот.

Этнография курсунун программасы кружокко берилген саатка карата бөлүнөт. Сабактардын таасирдүүлүгүн камсыз кылуу максатында окуучуларды көркөм адабияттар жана тарыхый булактар менен иштөөгө мүмкүндүк түзүү керек. Программага ылайыктуу бул курста темалар сабактын ар кандай типтеги формасында өткөрүлүшү ылайыктуу.

**Ийримди жүргүзүү жолдору:**

- окуучулардын өз каалоолору, кызыгуулары боюнча ийримге кабыл алуу;

- багыттар боюнча тематикаларды сунуш кылуу;

- массалык – маалымат каражаттары (газета,журнал,интернет ж.б.) менен иштөөнүн жолдорун тушундуруу;

- окуучулар тандап алган темалары боюнча рефераттарды жазышат.

- ийримдеги окуучулар алган темалары боюнча 1-11-класстар арасында класстык сабактарды өтүшөт.

- окуучулар рефераттарын илимий практикалык конференцияда жыйынтыкташат, бул конференцияга шаардагы уздар, ардагерлер, маданият ишмерлери, чыгармачыл инсандар катышат.

**Ийримде колдонулуучу дидактикалык каражаттар**:

- мектептин тарыхый музейи б.а. ийримдин катышуучулары музей совети менен тыгыз иш алып барат;
- интернет менен иштөө;
- мектептин китепканасы;
- тарых кабинетиндеги колдомо тех.каражаттар ж.б.
- аудио – видио каражаттары;

Киришүү. Этнография жөнүндө түшүнүк. **( 1 саат)**

**1- бөлүм Кыргыздын этникалык түзүлүшү ( 5 саат )**

“ Кыргыз” деген терминдин пайда болушу. Кыргыз эли – сажырада. Санжырачылар: Тоголок Молдо,Үсөйүн ажы, Б. Солтоноев, Осмонаалы Сыдык уулу, Талып Молдо ж.б. Кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндө илимий изилдөөлөр: Н.Н. Бичурин, В.В. Радлов, В.В. Бартольд, Ө. Караев, С.М. Абрамзон ж.б.

Жыйынтыктоо.

**2– бөлүм. Кыргыздардын кол өнөрчүлүгү. ( 5 саат )**

Жыгач менен иштөө өнөрү. Жүн менен иштөө өнөрү. Кийиз менен иштөө өнөрү. Тери менен иштөө өнөрү. Териден буюм жасоо өнөрү. Жип менен иштөө өнөрү. Чий менен иштөө. Темир менен иштөө. Чоподон буюм жасоо. Таш чегүү өнөрү. Курак куроо өнөрү. Сайма саюу өнөрү.

Жыйынтыктоо

**3– бөлүм.”Улуттук оюндар “ ( 4 саат )**

Кыймылдуу оюндар. Акыл оюн өнөрү. Сөз оюн өнөрү. Чүкө оюн өнөрү. Ат оюндары.

Жыйынтыктоо

**4 – бөлүм: “ Кыргыздын улуттук музыкалык аспаптары жана музыкалык өнөрү “ ( 4 саат )**

Кыл аспаптар. Үйлөмө аспаптар. Урма аспаптар. Комузчулар. Айтыш өнөрү. Бий өнөрү.

Жыйынтыктоо.

**5– бөлүм: “ Кыргыздын улуттук тамак-ашы” ( 5 саат )**

Эт азыктары. Сүт азыктары. Нан азыктары. Суусундуктар.

Жыйынтыктоо.

**6–бөлүм. “Кыргыздардын каада-салттары”. ( 8 саат )**

Жаш балдарга байланыштуу каада-салттар. Бойго жеткен кыз жана эркек балдарга карата өткөрүлүүчү каада-салттар. Кыргыздардын меймандосчулугу.

Жыйынтыктоо.

**7 – бөлүм: Той каадалары. ( 6 саат )**

Тойго кеңешке чакыруу, мүчө берүү, мүчө коюу, тойдон кешик берүү, утукан берүү, үй көтөрүү, мааракe той ж.б. Жыйынтыктоо

**8 – бөлүм: Кыргыздардын ырым – жырымдары. ( 6 саат )**

Ысырыктоо, киринелөө, ай көрүү, дем салуу, түлөө өткөрүү, түш жоруу, жүрөк көтөрүү, тумар тагуу, өпкө чабуу ж.б.

Жыйынтыктоо. 83

**9 – бөлүм: Көчкө байланыштуу жасаган каада- салттар. ( 6 саат )**

Журт чалуу, көчүү, өрүлүктөө, түндүк көтөрүү, журт診 которуу, желе байлоо, үлүш берүү, ажырашар аяк берүү, эшик-төрүн көрүү ж.б.

Жыйынтыктоо

**10 – бөлүм: Өз ара түрдүү мамиле адебине байланыштуу каада-салттар. ( 4 саат )**

Салам айтуу, ашарга чакыруу, шеринелеш болуу. Жээнтабак кармоо, алдыга түшүү, күбөгө өтүү, чучу кулакка тартуу, айыпка жыгуу, ант берүү, жолдугун жасоо, кун төлөө, достошуу, соопчулук кылуу, ыроолоо ж.б.

Жыйынтыктоо

**11 – бөлүм: Эмгекке байланыштуу каадалар. ( 4 саат )**

“Чечкор” майрамын өткөрүү, “ Шырылдаң” айтуу, “ Оп майда” айтуу, “ Бекбекей” айтуу, “Кырманга береке”, “ Үлуш “ майрамын өткөрүү ж.б.

Жыйынтыктоо.

**12 – бөлүм: Уруулардын келип чыгышы жөнүндө санжыралар. ( 4 саат )**

“Кыргыз” этнониминин келип чыгышы жөнүндө санжыралар. Тагай бий баяны. Саяк, Бугу, Сарбагыш, Солто ж.б.

Жыйынтыктоо.

**14 – бөлүм: Инсандар. ( 3 саат )**

Көрүнүктүү саясатчылар, Баатырлар, Хандар, Акелер, маданият ишмерлери ж.б.

Жыйынтыктоо.

**15 – бөлүм: Балыкчы шаарынын тарыхы. ( 3 саат )**

Шаардын келип чыгуу тарыхы, ишканалар, мектептер, көчөлөрдүн тарыхы, шаардын “Ардактуу атуулдары” жөнүндө, эмгек, согуш ардагерлери жөнүндө ж.б.

Жыйынтыктоо.

**“ Мурас “ илимий тобунун иш тажрыйбасы.**

Өткөн муундар тарабынан иштелип чыккан материалдык жана руханий маданияттын жетишкендиктерине, аң-сезимдин ар түрдүү формаларына катышуу аркылуу гана бала адам болуп калыптанат. “ Адамдын жаман-жакшысы – туугандан эмес, тарбиядан”. Балдарды тарбиялоосуз элдин турмушу, анын өсүп-өнүгүүсү, алдыга жылышы мүмкүн эместигин адамдар түшүнүп билишкен. Алар элдик оозеки чыгарма, музыка, үрп-адат, ырым-жырым,каада-салт, жөрөлгө ж.б. болуп эсептелет. Булар муундан-муунга өтүп пайдаланылган, ошентип олтуруп бала төрөлгөндөгу жөрөлгөнү жасоонун, үйлөнүү тойун өткөрүүнүн, конок тосуп жөнөтүү салтынын, эмгек процесстерин даңазалап майрамдарды өткөрүүнүн белгилүү нормалары калыптанган.

Мына ошол жөрөлгөлөрдүн бардыгында тең балдар, жаштар, дайыма кошо катышат жана алардын жардамы мене жаштар белгилүү ырым-жырымдарга,үрп-адаттарга, каада-салттарга, жүрүм-турумдун нормаларына тарбияланышат, алардын инсандык сапаттары калыптанат. Көрүнүктүү окумуштуу И.Бекбоев: “Элдик педагогиканы өздөштүрүп билүү процессине ишмердүүлүк менен мамиле кылууга туура келет, башкача айканда окуучулардын билимдери, билгичтиктери, көндүмдөрү, баа берүүчүлүк ориентирлери жана адептүүлүк идеалдары алардын өздөрүнүн иштеринде, эмгектенүүлөрүндө, аракеттеринде бекемделип бышыкталганы эң маанилүү,”-деп айткандай окуудан тышкаркы иштердин тармагын кеңейтүү: ийримдерди, секцияларды, чыгармачыл-музыкалык ырчылардын жамааттарын уюштуруу зарыл.

Мектептеги этнографиялык ийримдер жаш муундардын этнопедагогикалык билим-билгичтиктерин, машыгууларын түптөөгө жана өнүктүрүүгө кызмат кылмакчы. Төмөндө “ Мурас “ илимий тобунун жүргүзгөн иштери жөнүндө токтолмокчу. Илимий топту түзөөрдөн мурда “ Кыргыз элинин этнографиясы “ аттуу автордук программаны 1987-жылы түзүп чыккан. Бул программа облуста Мугалимдердин билимин өркүндөтүүчү институтунун Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясы тарабынан жактырылган. Программанын негизинде “ Мурас” илимий тобу 1990-жылы түзүлдү. Илимий топтун максатты элдик педагогиканын негизинде – окуучуларды рухий өстүрүү, аларга улуттук таалим-тарбия берүү, элибиздин эзелтеден бери өнүгүп-калыптанып келген салттарыбызды камтыган билимдерди үйрөтүү, муундан-муунга өткөрүү.

**“ Мурас “ илимий тобу төрт топтон турат:**

1. **“ Каада-салт”** тобунун мүчөлөрү кыргыз элинин каада-салттарын, үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын, элдик мурастарын окуп-үйрөнүү жана фольклордук-этнографиялык материалдарды чогултат жана изилдөө иштерин жүргүзөт;

2. **“ Санжыра “** тобундагылар Түрк элдеринин, кыргыз элинин калыптануу, өнүгүү тарыхын, уруу жана урук жөнүндөгү түшүнүктөрдү, санжыралар жана санжырадагы маданий-экономикалык, тарыхый-географиялык маалыматтарды окуп үйрөнүп, чогултуп изилдеп чыгышат;

3. **“ Туулган жер “** тобу киндик кан тамган жердин тарыхын, жер аттарын ага байланыштуу уламыштарды изилдеп, материалдарды чогултуу менен туулган жерин сүйүүгө, аздектөөгө, аны коргоого багыт алат;

4. **“ Тарых жана инсан “** тобундагылар кыргыз элиндеги олуя-ойчул, көрөгөч-акылман акелердин, хандардын, баатырлардын, жергебиздеги согуш жана эмгек ардагерлеринин өмүрлөрүн, тарыхый окуяларын, мурастарын чогултуп изилдөө иштерин жүргүзүү.

**“Мурас” тобунун мүчөлөрү**

Топтун мучөлөрү жыл башында өз калоолору менен топтун мүчөлүгүнө кабыл алынат жана жыл бою “ Кыргыз элинин этнографиясы “ атайы курсуна катышып, сунуш кылынган тематикалар боюнча каалаган темаларды алып, сентябрдан февраль чейин изилдөө иштерин жүргүзүшүп, рефераттарды жазышат. Февраль айынан “Нооруз” майрамына чейин класстарга сабак өтүшөт. Жыйынтыгы илимий-практикалык конференция менен аяктайт. Жыйынтыгы “Нооруз” майрамы менен айкалышып топтун мүчөлөрү тематикалары боюнча илимий иштерин практикалык түрдө жакташат. Конференцияга шаарыбыздын ардактуу атуулдары, согуш жана эмгек ардагерлери, массалык –маалымат каражаттарынын кызматкерлери мейман катары чакырылат жана алар топтун иштерин баалап, кеп-кеңештерин айтышат, жергиликтүү газеталарга материалдар чагылдырылат. Илимий топтун мүчөлөрү шаарыбыздагы Улуу Ата мекендик согуштун Афган, Баткен согушунун ардагерлердин, Апрель революциясынын баатырларынын да басып өткөн жолдорун изилдеп келишет, жыл сайын алар менен 9-май Жеңиш күнүнө карата жолугушуу кечесин өткөрүшөт.




**Жеңиш күнүнө карата өткөрүлгөн кеченин катышуучулары.**

Улуу Жеңиштин 74 жылдыгына карата шаардагы согуш ардагерлеринин басып өткөн жолдорун изилдешип, көздөрү өтүп кеткендердин үй бүлөлөрүнүн үйлөрүнө барышып, ардагер жөнүндө толук маалымат алышты жана мектептин тарых музейин жаңы маалыматтар менен толукташты. Мектептеги тарых музеинде илимий топтун мүчөлөрү иш алып барышат, музейде Улуу Ата мекендик согуштун 60 жылдыгына карата бурч уюшулган, анда шаардагы согуш ардагерлери жөнүндөгү материалдар ( кол жазмалар, экспонаттар, альбомдор ж.б.) топтолгон жыл сайын толукталып турат. Улуу Жеңиштин 70 жылдыгына карата К.Р. Билим жана илим министирлиги, РДЮЦЭКТ тарабынан " Мен эстейм, Мен сыймыктанам!" аттуу республикалык деңгээлде өткөрүлгөн кароо сынакка илимий топтун мүчөлөрүнүн изилдөө иштери жогору бааланып, баалуу сыйлыктар, 14 дипломдор менен сыйланышты.



**Улуу Жеңишке карата өткөрүлгөн кароо-сынактын сыйлыктары**.

2014 – жылы Кыргыз Билим берүү Академиясы тарабынан уюшулган " СССРдеги саясий репрессиялардын жана эрксиздикке каршылык көрсөтүүнүн тарыхы" темасы боюнча кароо – сабакка катышышып, илимий топтун изилдөө иштери республика боюнча 2-даражадагы диплом менен сыйланды.

Илимий топтун мүчөлөрү изилдөө иштерин жүргүзүү менен, өз алдынча ой жүгүртүп, өз алдынчалуу мүмкүнчүлүгүн ачык демонстрациялай билүүгө көнүгүү максатында тематикалары боюнча төмөнкү класстын окуучуларына сабактарды өтүшүшөт.




**Мектептин тарых музейинин Улуу Жеңишке арналган бөлүгү.**

Сабакты өтүү алдында жазылган илимий иши боюнча слайддарды, видио роликтерди ж.б. кадимки эле ачык сабакка керек болуучу куралдар менен сабак өтүшөт, сабактын планын жазып, жетекчиге кол койдуртуп алат. Сабагына мектептин администрациясы, мугалимдер катышат. Сабак өткөн окуучу ошол учурда жоопкерчиликти, мугалимдик кесиптин канчалык түйшүктүү иш экендигин түшүнөт, эң кызыгы сабак өткөн окуучу өзүнүн элинин руханий маданиятын, тарыхын кылымдардан берки келе жаткан каада-салттарын айтып бергенден кийин, өзүн чыныгы элдин атуулу болгондугу менен сыймыктангандыгын байкайсың (сурот)



Топтун мүчөсү “Мурас” илимий тобунун басып өткөн жолунда анын жүздөгөн мүчөлөрү азыркы учурда жогорку билимге ээ болушуп, республикабыздын ар кайсы жеринде эмгектенип келишет жана жогорку окуу жайларда билимдерин улантып жатышат.

Илимий топтун мүчөлөрү мектеп ичинде эле эмес, шаардык деңгээлдеги илимий – практикалык конференцияларга да катышат. Мисалы 2015-жылы шаарыбыздын көчөлөрүнө аттары коюлган көрүнүктүү саясий ишмер Жусуп Абдрахмановго арналган конференцияга илимий топтун мүчөсү Нурсултан Жалыев Ж.Абдрахмановдун басып өткөн жолун изилдеген илимий иши менен катышып, конференцияга келген окумуштуулар менен бирге Ж.Абдрахмановдун кызы Ленина Абдрахманованын алкышына татытуу болду. Н.Жалыев 2015-жылы Караколдо Кыргыз Билим берүү академиясы тарабынан өткөн “Ысык-Көл – Аалам ордосу” аттуу эл аралык илимий – практикалык конференцияга “Тору-Айгыр айлынын ордундагы байыркы шаар” аттуу илимий эмгеги менен катышып, диплом менен сыйланды.



**Ленина Абдрахманова жана илимий топтун мүчөсү Нурсултан Жалыев.**

Дагы бир көчөгө коюлган көрүнүктүү окумуштуу, филолог Касым Тыныстановго арналган илимий-практикалык кофененцияга өзүнүн илимий иши менен катышкан илимий топтун мүчөсү Ашырбеков Сүйүндүктүн изилдөө иши К.Тыныстановдун туугандары жана окумуштуулар тарабынан жогору бааланды.Бүгүнкү күндө Сүйүндүк жогорку окуу жайында окуусун улантып жатат. Сүйүндүк мектепте окуп жүргөн мезгилинде эле Манас эпос жана манасчылар жөнүндө изилдөө иштерин да жүргүзүп келген,“Манас таануу” телесынагынын мурунку активдуу катышуучусу. Манас таануучулугун таштап салбастан бүгүнкү күндө шаарыбызда Манасчылар мектебин

ачып, манасчылык өнөрүнө шыктууокуучуларды тарбиялап чыгыыда учурда кезектеги “ Манас таануу” телесынагына окуучуларын даярдоодо.




**Касым Тыныстановго арналган илимий конференциянын катышуучулары**.

Элибиздин руханий мурасты жана материалдык маданияттын эстеликтерин билүүдө тарых музейлерине, тарыхый архитектуралык эстеликтерге баруу окуучулардын билимин тереңдетет. Жыл сайын борбор шаарыбыздагы тарых музейине, тарыхый архитектуралык эстеликтерге илимий топтун мүчөлөрү барып турушат.



**“Мурас” илимий тобу мүчөлөрү “Бурана”архитектуралык эстелигинде.**

Дүйнөдөгү белгилүү этно-психолог Маргарет Ниттин: “ Эгерде бир мамлекетте социалдык –экономикалык кескин өзгөрүүлөр болсо, анда ошол өлкөдө жашаган кишилер менен балдардын деңгээли бирдей болуп калат. Алар мындай өзгөрүүлөрдөн кийин кандай кадам жасоону билишпейт. Мындай болгон учурда ал улут, эл илгерки каада-салтына, тарыхына кайрылуусу керек. Антпесе улут катары жок болуп кетүү коркунучу бар” деген теориясына терең маани берсе болот.

Чындыгында мамлекетибиздин абалы экономикалык кризистин кесепетинен жана ар кандай диний уюмдардын, секталардын пайда болушунан эмес, коомчулукта ыймандык, нравалык тарбиялык кризистин басымдуу болуп жатканынан ушундай абалга келип олтурабыз.

Кыргызстандын жаштары үчүн кийинки жылдарда адеп-ахлактык жаңы багыттар калыптанбай калды. Бул көрүнүш бир жагынан көпчүлүк жаштардагы рухий боштукту, бөтөн, көбүнесе Андыктан Кыргызстан элинин ашынган диний идеялардын жана жашоо образдарынын ээлеп алышын шартап жатат.Ошол эле учурда ар башка доорлордо, анын ичинде чыгыш мусулман ренессанс жана агартуучу ислам мезгилинде дүйнөлүк маданият жана илим дал биздин аймактан өнүгүүгө карай жаңы дем-күч алган. Адамзат цивилизациясынын өнүгүүсүнө салым кошкон залкар ойчулдар ушул жерде жашап, чыгармаларды жаратышкан. Экинчиден улуттук каада-салттарды жана үрп-адаттарды кайра жаратуу шылттоосу менен ысыраптуу жалган салттар жана керектөөчүлүк психология таңуланууда. Бул көрүнүш үй-бүлөнүн жашоо абалына, балдардын жана жаштардын билимине интелектуалдык жана руханий өнүгүүсүнө залакасын тийгизүүдө, - деп айтылат, президенттин 2016-жылды “ Тарых жана маданият жылы” жарлыгында.

Андыктан Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий бай мурастарын мындан ары арттырууда, өлкөбүздү өнүктүрүүнүн улуттук моделин түзүүдө жана ишке ашырууда биз, педагогдор чымырканып иштеп, жаш муундарга татыктуу билим берүү милдетин унутпашыбыз керек.

Өлкөбүзгө белгилүү тилчи жана адабиятчы С. Рысбаев: “Окуучуларга улуттук таалим-тарбия берүү, элибиздин эзелтеден бери өнүгүп-калыптанып келген прикладдык кол өнөрчулугүбүздү жана салттарыбызды камтыган билимдерди өсүп келаткан муундарга үйрөтүүнү көздөгөн этнографиялык ийримдкр ыраттуу иштеши мезгилдин талабы” деген таамай сөзү ар бир мугалимдин жүзөгө ашыруучу чоң мүмкүнчүлүктүү каражаты болууга тийиш.

**Өткөрүлгөн иш чаралардан сүрөттөр.**



**Улуу Жеңиштин 74 жылдыгына арналган кеченин меймандары.**







**Илимий топтун мүчөлөрүнун  сабак  өтүү учурлары.**




**Төкмө акын, манасчы Сапарбек Касманбетов жана КР Эмгек сиңирген мугалими, драматург Асангүл Абдыгулова менен жолугушуу.**



**“Мурас” илимий тобунун мүчөлөрү Тилекмат аке менен Сарт акенин эстелигинин жанында.**



“Мурас” илимий тобунун мүчөлөрү  Садыр акенин эстелигинин жанында.




Илимий топтун “Мен кыргызмын” илимий практикалык конференциясынын катышуучулары.

**Ысык – Көл обулусунун Балыкчы шаарындагы № 4 гимназия мектебинин тарыхый-этнографиялык музейинин жүргүзгөн иштери.**

Кыргыз эли Орто Азиядагы жашаган элдердин ичинен эң байыркысы экенин биз тарых аркылуу билебиз. Ошол учурда көчмөн турмуш жана патриалхалдык-уруулук тиричилик кыргыздардын материалдык маданиятына терең из калтырган. Турак-жайы, кийим-кечеси, тамак-ашы, буюумдары, унаалары узак жолго тез-тез чыгууга, көчмөн турмушка, чарба жүргузүүнүн мезгилдик мүнөзүнө ылайыкташкан.

Музей 1998-жылы мектептин түзүлүшүнүн 30 жылдыгына карата ошол учурдагы директордун илимий иштер боюнча орун басары Аман Батыркановдун демилгеси менен түзүлгөн.

Музейди түзүүнүн максаты жана негизги багыттары музейдеги иштер аркылуу окуучуларга адептик-атуулдук тарбия берүү, кыргыз элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүү жана коргоо, элибиздин эң жакшы салттарын улантуу, кыргыз элинин көчмөн турмушуна, өзүнүн туулуп өскөн жеринин тарыхына, тарыхта аттары калган инсандардын басып өткөн жолдоруна илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, аны кийинки муундарга өткөрүп берүү.

Бүгүнкү күндө музейди тарых мугалими Карачева Өмүргүл жетектеп келе жатат. Музейдеги иштерди такай жүргүзүп туруу максатында ал адегенде “Кыргыз элинин этнографиясы” автордук прграммасын түзүп, анын негизинде “Мурас” илимий тобун түзгөн.

Музейдин активи 25 жаш изилдөөчүлөрдөн турат жана булардын бардыгы “ Мурас” илимий тобунун мүчөлөрү. Музейдин ишин 10 мугалимден жана 5 окуучудан турган Кеңеш координациялайт.

Музейдин активи төмөндөгү багыттар: экскурсоводдор, изилдөөчү, фондулук, лектордук боюнча иш алып барышат. Активдин чогулушу ар жуманын төртүнчү күнү болуп турат.

Музейдин ишмердүүлүгүндө топтоо, маданий-агартуучулук, издөө-изилдөө, көргөзмө, тарбия иштери камтылган.

Музей жаштарды адептик-атуулдук жактан тарбиялаган, ар түрдүү муундардын өкүлдөрүн байланыштырган борборго айланган.

Анын базасында шаардык, жалпы мектептик жолугушуу кечелери, эрдик сабактары, конференциялар, ар түрдүү тарбия сааттары болуп турат.

**Издөө-изилдөө тобу** Улуу Жеңиштин 60 жана 70 жылдыгынын аралыгында шаардагы Улуу Ата мекендик согуштун катышуучулары боюнча көптөгөн материалдарды чогултушуп, жоолугушуу кечелерин өтүшүп, музейде "Түбөлүк оттун" ачылышына зор салымын кошушту.

Музейде мындан тышкары согушка арналган стенддер б.а. СССР боюнча, Кыргызстан боюнча, Балыкчы шаарындагы У.А.М. согушка катышкан ардагерлер, оорукта иштегендер, Афган, Баткен согушунун ардагерлери жөнүндө баяндалган. 1982 –жылдан бери жыл сайын музейдин изилдөө тобунун мүчөлөрү ардагерлердин өз колдорунан кол жазмаларды топтоп келүүдө. Жыл сайын 9 – майга карата согуш ардагерлери менен жоолугушууларды өткөрүп турушат. Кийинки мезгилдерде согуш ардагерлеринин арасы суюлуп барат. Музей Кеңешинин мүчөлөрү көзү өтүп кеткен ардагерлердин үй бүлөрү менен да тыгыз байланышып, алар жөнундө маалыматтарды топтошууда. Улуу Жеңиштин 70 жылдыгына карата ардагерлерден интервьюларды алышып, ал эми көзү өтүп кеткен ардагерлердин балдары, туугандары менен жолугушуп, аталары жөнүндө сүрөттөрүн, буюумдарынан музейге өткөрүп алууда.

Жыл сайын апрель айынын акыркы жумалыгында Уулу Ата мекендик согуштун ардагерлери, Афган, Баткен согушунун ардагерлери менен жоолугушуу кечесин өткөрүү салтка айланган. Андан тышкары шаарда, областа, Республикада өткөрүлгөн ар кандай кароо сынактарга активдүү катышып келишет. Акыркы эки жыл аралыгындагы музейдин активдеринин жүргүзгөн иштерине токтоло кетели.

2015-жылы Кыргыз билим берүү академиясы уюштурган " СССРдеги саясий репрессиялардын жана эркисздикке каршылык көрсөтүүнүн тарыхы" темасы боюнча өткөрүлгөн республикалык кароодо изилдөө тобунун мүчөлөрү 20-кылымдын 30 жылдарындагы саясий репрессияга туш болгон кыргызстандык атуулдардын өмүр жолун, ишмердүүлүгүн изилдешип Чоң-Таштагы эстеликке чейин барып келишип, шаардык деңгээлде өткөрүлгөн конференциянын жүрүшү Билим берүү академиясы тарабынан жогору бааланып, республикада 2 – даражадагы дипломго ээ болушту.

2015-жылы Караколдо өткөн "Түрк дүйнөсү: Ысык-Көл – Аалам Ордосу" деген темада өткөн эл аралык илимий-практикалык конференцияга музейдин жетекчиси Ө. Карачева " Бата алган шаарым Балыкчы" темасында шаардын тарыхы жөнүндө, музейдин изилдөө тобунун жетекчиси Жалыев Бексултан "Тору-Айгыр – байыркы шаардын орду", изилдөө тобунун мүчөсү Арыкбаева Айпери "К.Карасаев – XX кылымдын Кашкариси" темаларындагы илимий иштери менен катышышып, сертификаттарга жана дипломдорго ээ болушту.

Шаарыбыздын негизги көчөлөрүнө тарыхый инсандарыбыздын аттары коюлуп келет, мына ошол көчөгө коюлуучу тарыхый инсандардын басып өткөн жолдорун изилдөөдө да музейдин изилдөө тобунун мүчөлөрү көп иштерди жасашты жана шаардык деңгээлде өткөрүлгөн жолугушуу кечелеринде өздөрүнүн макалалары менен чыгып сүйлөшүп, катышуучулардын ыраазычылыгын алышкан. Мисалы: Жалыев

Нурсултан Жусуп Абдрахмановдун кызы Ленинанын Ыраазычылыгын алса, Ашырбеков Сүйүндүк Касым Тыныстановдун туугандарынын, жогорудагы тарыхый инсандар жөнүндө изилдеген окумуштуулардын ыраазычылыктарын алышты. Улуу Жеңиштин 70 жылдыгына карата өткөрүлгөн карата өткөрүлгөн РДЮЦЭКТ тарабынан өткөрүлгөн " Биз эстейбиз" кароо-сынагында музейдин " Аскердик Даңк" бурчу жакшы бурч деп табылып, громата жана кубок менен сыйланды. 2016-жылы да Билим берүү академиясы тарабынан Кочкордо өткөрүлгөн ошол эле эл аралык конференцияга музейдин активинин мүчөлөрү Аманидинова Гүлшах " Баатыркан бабамдын баяны", Океева Майайым "Касым Тыныстанов- эл агартуунун алгачкы карлыгачы" аттуу темасындагы илимий макалалары менен катышып, академиянын сертификаты жана дипломдору менен сыйланышты.

**Фонд топтоо тобунун мүчөлөрү** Уулу Ата мекендик согуштун катышуучулары жана согуш учурунда тылдагы эмгектенген ардагерлеринин кол жазмаларын, фронттогу сүрөттөрүн, каттарын чогултуп келишет.

Согуш ардагери Таржиев Сопу атанын согушта кийген шнелин туугандары музейге өткөрүп беришти . Шинелге ок тийген жери өзгөчө музейге келгендерди таң калтырбай койбойт, бул шнел менен Сопу ата Берлинге чейин барган.

Мындан тышкары фонддүн мүчөлөрү музейде кыргыздын көчмөн турмушу менен байланышкан буюм-тайымдарды айылдарды кыдырып чогултуп келүүдө. Бүгүнкү күндө Ак-Өлөң айылынын тургуну Абышкаев Акматбек тарабынан боз үйдүн эски керегеси, соку , сок билек, жаргылчак, тогуз коргоолдун оюунун тактайы, Ак-Сай айылынын тургуну А.Токочбаеванын таар, жан-аяк, кымыз куйган чанач, эт бышырган чеңгээл, кыргыз жоокеринин кийми, курал-жарагы, мындан 58 жыл мурда сайылган туш кийиз, улуттук баш кийимдер, шырдак, алакийиз ж.б. чогултулду.

**Лекторлор негизинен төрт багытта**: туулган жер, каада-салт, тарых жана инсан, кыргыз элинин жана башка улуттардын руханий маданияты жөнүндө лекцияларды даярдашып, класстар арасында, жоолугушуу кечелеринде окуп келишет.

**Экскурсоводдор** майрам күндөрүндө, салтанаттуу кечелерде, кызыктуу жоолугушууларда жана айына эки жолу 1-11 класстын окуучулары үчүн экскурссияны өткөрүп турушат. "Тарых жана маданият" жылы музейдин активи жана кеңеши үчүн көптөгөн иш чараларды өткөрүштү. Апрель айында музейдин активи "Мурас" илимий тобунун мүчөлөрү көл өрөөнүн кыдырып, өрөөндөн чыккан: академик, хирург И.Ахунбаев, атактуу ырчы Б.Миңжылкыев, жазуучу Э.Турсунов, Жети аке, УулуАта мекендик согуштун баатыры А.Жаркынбаев, Балбай баатыр, окумуштуу К.Карасаев, манасчы С.Каралаев ж.б. тарыхый инсандардын туулуп өскөн жерлерин, аларга коюлган эстелик-күмбөздөрүнө барып, алар жөнүндө кеңири маалымат алып кайтышты. Мындан тышкары Чолпон-Ата шаарындагы тарыхый

музейде болушуп , баалуу экспонаттар менен таанышып, кызыктуу фактыларды угуп, музейдин иши менен таанышышты. Бул саякат бир жагынан мектеп музейне көп маалыматтарды топтогонго мүмкүнчүлүк түзүлдү, бир жагынан музейдин активдеринин кызыгуусу артты жана дагы областта “Тарых жана маданият” жылына карата өтүүчү “Уламыштар жана тарыхый жерлер жөнүндө баяндар” кароо-сынагына катышуу үчүн материалдарды топтоп келишти. Музейде көптөгөн жолугушуулар өткөрүлдү. Мисалы: кыргыз элине таанымал манасчы, төкмө акын Касманбетов Сапарбек жана анын жубайы драматург, акын, Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими Абдыгулова Асангүл, Тарых илиминин доктору, профессор Асан Ормушев, тарых илиминин кандидаты, Улуттук Унивеситеттин деканы, прфессор Аскар Беделбаев, “Ероазия Диолог” журналынын редактору Улук Болушев, Кыргыз билим берүү академиясынын кызматкери тарых илимдеринин кандидаты Айгүл Элебесова, Караколдогу К.Тыныстанов атындагы университеттин окумуштуулар тобу менен кызыктуу жолугушуулар өткөрүлүп, музей жөнүндө жакшы пикирлерин “Каалоо китепчесине” жазып калтырышты.

Музейде кыргыз элинин көчмөн турмушун чагылдырган бурчутун уюштурулуушу окуучулардын кызыгууларын пайда кылып, экскурсия учурунда экспонаттарды өз көздөрү менен көрүп, жаргылчаты колдору менен тартып, соку, сок билети күүшөгөндү көрүшүп, элибиздин көчмөн турмушунан кичине болсо да, ыраазычылык алышты.




**Музейдин экскурсоводу боз үй жөнүндө түшүнүк берүүдө.**




**Шырдакчы Токон апа шырдак шыруунун жолун түшундүрүүдө.**




**Республикалык семинарга келген мугалимдер музей менен таанышууда.**



**Экскурсовод кыргыздын улуттук кийимдери менен тааныштырууда.**



**Музейдин кыргыз элинин көчмөн турмушун чагылдырган бөлүгү.**



**Манасчы, төкмө акын С.Касманбетов жана драматург, акын А.Абдыгулов музейдин эскерүү китепчесине пикир жазууда.**




**Тарых илимдеринин доктору А.Ормушев, тарых илимдеринин кандидаты А.Беделбаев мектеп музейинде.**




**Музейдеги “Түбөлүк от”**